Күнү, айы:	**Предмет:**	**классы:**	***Текшерилди***
	Кыргыз тили	8-класс	

Мугалим: Камалидин кызы Дурия мектеп: Ош МУнун “Ыйман” гимназиясы

Сабактын темасы: Башкаруу байланышы

Сабактын тиби: жаңы билимдерди калыптандыруу

Билим берүүчүлүк максат	**Өнүктүрүүчүлүк максат**	**Тарбия берүүчүлүк максат**
Башкаруу байланышы боюнча түшүнүк ала алышат; **Сөз айкашына уланган мүчөлөрдү аныктай алышат;**	**Башкаруу байланышындагы сөз айкаштарына уланган жөндөмө мүчөлөрүн аныктай алышат;** **Өз алдынча сөз айкаштарын таба алышат жана тапшырмаларды** *(ар кандай таблицаларды, көнүгүүлөрдү, берилгген сүрөттүн негизинде тема менен байланыштырып сүйлөмдөрдү түзүүнү)* **атакара алышат**	**Тапшырмаларды берилген убакыттын негизинде иштөө менен шамдагай болууга, ырлардан башкаруу байланыштарды табуу менен *(тез)* ар тараптуу ойлоо жөндөмдүүлүктөрүн калыптандырууга аракет кылышат**
Компотенттүүлүк		
НК1 **ПК1**	НК2 ПК2	НК3 ПК3

Сабактын формасы: өз алдынча, топтор менен иштөө;

Сабактын жабдылышы: окуу китептери, маркерлер, слайд, таркатмалар;

Күтүлүүчү натыйжа: 8.3.1.1. (Сөзгө тилдин жана кептин маанилүү бирдиги катары мүнөздөмө берет).

Сабактын баскычтары	**Мугалимдин ишмердүүлүгү**	**Окуучунун ишмердүүлүгү**	**Компетентүүлүктөр**		**Баалоо**
			НК	**ПК**	
Уюштуруу	Окуучуларды сабакка даярдоо	Бүгүнкү өтүлө турган сабакка максат коюшат	**2**	**2**	**Калыптандыруучу (быйтыкчалар менен баалоо)**
Тапшырма суроо	Слайд аркылуу тапшырманы суроо	Сүрөт аркылуу макалдарды табышат	**1**	**1**	
Шыктандыруу, Теманы жарыялоо	Сүрөт	Сүрөттөн сөз айкашын табуу			
Керектүү маалыматтарды берүү	Кыйыр жөндөмөлөр боюнча б.б.бышыктоо	Көңүл буруу	**1**	**1**	

Жаңы тема	Слайд аркылуу теманы түшүндүрүү	Көңүл буруу, тема боюнча түшүнбөгөндөрүнөн суроо берүү	**1**	**1**	
Бышыктоо	Таблицаларды толтуруу	Өз алдынча жана топтордо тапшырма аткаруу (1.(88-көнүгүү) 2. 3. 4.)	**1, 2, 3**	**1, 2, 3**	
Интерактивдүү көнүгүүлөр	Ыр ырдоо	Топто ырдашат жана таандык байланышы келген сапта кол чабуу менен билдиришет	**2**	**2**	
Жыйынтыктоо	Сабак башында койгон максаттары боюнча суроо	Койгон максаттарына жеткендигин жана жетпей калгандыктары боюнча айтышат			
Үй тапшырма	92-көнүгүү	Сөздөрдү колдонуп башкаруу байланышындагы сөздөрдү түзүшөт			

Үй тапшырмасы: 84-көнүгүү (белгилердин ордуна керектүү мүчөлөрдү улоо)

Багы ачык__ маңдай__ жарык. Баштагы__ жаш__ болсоң, эмки__ кары__ болосуң. Бербес___ аш__ бышпас. Дени соо__ жан__ соо. Жакшы өмүр__ алд__ – өрт, арка__ – күн. Ай__ он беш__ жарык, он беш__ караңгы. Баатыр__ көрк__ маңдайда, чечен__ көрк__ таңдайда. Жигит__ сөз__ өлгөнчө, өзү өлсүн. Алмак__ бермек_ бар.

Багы ачыктын маңдайы жарык. Баштагынын жашы болсоң, эмкинин карысы болосуң. Бербестин ашы бышпас. Дени соонун жаны соо. Жакшы өмүрдүн алды – өрт, аркасы – күн. Айдын он беши жарык, он беши караңгы. Баатырдын көркү маңдайда, чечендин көркү таңдайда. Жигиттин сөзү өлгөнчө, өзү өлсүн. Алмактын бермеги бар.

Мээге чабуул жасоо (шыктандыруу). Сүрөткө карап сөз айкаштарын табуу.



Сөз айкаштарынын байланышын билүү үчүн, кыйыр жөндөмөлөрдүн мүчөлөрү боюнча билимдерибизди бышташыбыз керек.

Кыйыр жөндөмөлөр:

1. ***Барыш: - га – тоого, үйгө, мектепке, сабакка, киного, токойго***
2. ***Табыш: - ны – китепти, дептерди, калемди, апамды, досумду***
3. ***Жатыш: - да – мектепте, үйдө, талаада, деңизде, жашоодо***
4. ***Чыгыш : - дан – мектептен, сабактан, класстан, шаардан***

Башкаруу байланышы

Башкаруу байланышында **багыныңкы** түгөй багындыруучу түгөй менен **кыйыр** жөндөмөлөрдүн биринде туруп байланышат. Тактап айтканда, багындыруучу түгөй багыныңкы түгөйдүн **барыш, табыш, жатыш, чыгыш** жөндөмөлөрүнүн биринде турушун талап кылат.

Мисалы: тоого чыгуу, тоодо калуу, тоодо жатуу, тоодон кайтуу

1-тапшырма

88-көнүгүү (*Сөз айкаштарынын багындыруучу түгөйү багыныңкы түгөйдүн кайсы жөндөмөдө турушун талап кылды)*

- *Эне тилди урматтоо – табыш;*
- *Ырга ышкылуу – барыш;*
- *Кыялды учуруу – табыш*
- *Жашоого демөөр – барыш;*
- *Жан дүйнөсүнө сиңүү – барыш;*
- *Ойдон жаралуу – чыгыш*
- *Тоодо төрөлүү – жатыш;*
- *Билгенден суроо – чыгыш;*
- *Ойго бай – барыш;*
- *Жашоого ыңгайлуу – барыш*
- *Туш-тушка жиберүү – барыш;*
- *Жалкоолуктан жайроо – чыгыш жөндөмөсү.*

2-тапшырма

Таблицанын биринчи тилкесиндеги сөздөрдү колдонуп сөз айкаштарды түзгүлө

№	Сөздөр	Башкаруу	Ыкташуу	Таандык
1	Жамгыр, жаа, күз, суук	**Жамгырды жаадыруу**	**Күзгү жамгыр**	**Жамгырдын суусу**
2	Даам, тамак, быш, бышыр			
3	Китеп, оку, бала			
4	Күн, ысык, бат, сана			
5	Тиш, оору, жулдур, соо			
6	Кой, алар, сой, семиз			

Жооп:

№	Сөздөр	Башкаруу	Ыкташуу	Таандык
1	Жамгыр, жаа, күз, суук	**Жамгырды жаадыруу**	**Күзгү жамгыр**	**Жамгырдын суусу**
2	Даам, тамак, быш, бышыр	Тамак бышыруу	Даамдуу тамак	Тамктын даамы
3	Китеп, оку, бала	Китеп окуу	Окугана бала	Баланын китеби
4	Күн, ысык, бат, сана	Күн саноо	Ысык күн	Күндүн ысыгы
5	Тиш, оору, жулдур, соо	Тиш жулуу	Соо тиш	Тиштин оорусу
6	Кой, алар, сой, семиз	Кой союу	Семиз кой	Алардын кою

(3-тапшырма)

Төмөндөгү сөздөрдөн ыкташуу, башкаруу жана таандык байланыштагы маани жагынан туура келген сөз айкаштарын түзгүлө жана атоочтук, этиштик экенин аныктагыла. Сызыкчалардын ордуна туура мүчөлөрдү койгула (Айрым жерлерге мүчө коюлбайт)

Багыныңкы сөздөр	**Багындыруучу сөздөр**
Эшиктин	кар ____
А) тунак ____	чуркоо___
Б) чечилбес____	ыйык____
В) аксаңдап____	туткасы____
Г) азаттык _____	иштөө _____
Д) үй____	булак_____
Е) айтылбас____	жомок___
Ж) баары_____	чатыр___
З) кызыктуу_____	сыр_____
И) өйдө _____	апа_____
К) пайдалуу_____	витамин____
Л) чарчабай____	түшүү ____
М) мээримдүү___	жетүү____
Н) аппак____	маселе_____

Жооп:

Багыныңкы сөздөр

Эшиктин туткасы - атоочтук (таандык)

А) тунук булак - атоочтук (ыкташуу)

Б) чечилбес маселе - атоочтук (ыкташуу)

В) аксаңдап чуркоо – этиштик (ыкташуу)

Г) азаттыкка жетүү - этиштик (башкаруу)

Е) айтылбас сыр - атоочтук (ыкташуу)

Ж) баары ыйык – атоочтук (ыкташуу)

З) кызыктуу жомок - атоочтук (ыкташуу)

И) өйдөдөн түшүү - этиштик (башкаруу)

К) пайдалуу витамин - атоочтук (ыкташуу)

Л) чарчабай иштөө – этиштик (ыкташуу)

М) мээримдүү апа - атоочтук (ыкташуу)

Н) аппак кар – атоочтук (ыкташуу)

4-тапшырма

Окуучулар ырдоо менен ал жердеги байланыштарды кошо таап кетишет. Байланыш бар жерде кол чабышат:

Сөзү: Ч.Айтматов
Обону: Муратбек Бегалиев

“Ысык-Көлдү сагынуу”

Кыялымда ак куу болуп,
Учуп жүрөм **көл үстүнөн. (көлдүн үстүндө – таандык)**
Көк асмандын мейкинине, (**көк асман** – ыкташуу)
Балык сымал эркин сүзөм.

Кайырма:
Алыс кетсем, куса болуп, (алыс кетүү, куса болуу - ыкташуу)
Сагынам салкын төрүн.
Алтын көлүм, Ысык-Көлүм,
Сагындым мен **толкун көркүн**. (**толкундун көркү - таандык**)

Байыркынын, бабалардын,
Сөзү калды көл бетинде.
Балалыгым эстен чыкпайт,
Изим калды **көл четинде. (көлдүн чети - таандык)**
Кайырма:
Кыялымда учуп барам,
Бийик чокунун үстүнөн. (бийик чоку)
Кылым карып, **кырлар ашкан, (кырларды ашыуу - башкаруу**)
Кыргыз көлү чөкпөсө дейм. (**кыргыздын көлү - таандык**)
Кайырма:

(Бул ырды ырдоо менен окуучу кеминде 7 ден кем болбогон кол чабышы керек).